# Кыргыз тил жана адабият Б.1.1

| | |
|---|---|
| Сабактын коду | Б.1.1. |
| Сабактын аталышы | Кыргыз тили жана адабияты |
| Сабактын көлөмү ECTS кредит менен | 240 саат 8 кредит |
| Сабактын семестри жана окуу жылы | 2019-2020-окуу жылы<br>3-4 семестр |
| Курстун максаты жана милдеттери | Кыргыз тили жана адабияты курсунун максаты**:** ар түрдүү баарлашуу кырдаалдарында өз оюн жеткиликтүү жана эркин билдирүү үчүн студенттердин коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруу болуп саналат.<br>Курстун милдеттери:<br>- сүйлөшүү, жазуу ишмердүүлүгү боюнча алган билгичтиктерин, көндүмдөрүн, баалуулуктарын турмуштук жагдайларда колдоно алууга көнүктүрүү;<br>- кыргыз элинин сүйлөө маданиятын терең өздөштүрүүгө жетишүү, тил табиятына жана көркөм сөз өнөрүнө болгон кызыгуусун арттыруу,<br>- элдик каада-салт, үрп-адат, адеп-ахлагын, коомчулук алдындагы адамдык парзын адабий тексттерде көркөм берилиши аркылуу элдик рухий дүйнонү таанытуу, улуттук аң сезимин өнүктүрүү, кругозорун кеңейтүү;<br>- билим алууга жоопкерчиликтүү, аң-сезимдүү мамиле жасаган социалдык жактан активдүү инсанды тарбиялоого багыт берүү болуп эсептелет. |
| Курстун баяндамасы | Силлабус жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына шайкештикте түзүлгөн. Дисциплина жалпы гуманитардык жана социалдык-экономикалык дисциплиналардын компонентине кирет, ошондой эле мамлекеттик тил катарында да милдеттүү окутулат.<br>Азыркы мезгилге чейин Кыргызстанда орус же чет тилинде сүйлөгөн улуттарга кыргыз тилин үйрөтүү маселеси менен бирге кыргыз тилинде сүйлөбөгөн кыргыз атуулдарын кыргыз тилинде сүйлөтүү актуалдуу болуп келет. Ошондуктан, курста берилген материалдар студенттердин өз алдынча ой жүгүртө билүү жөндөмдүүлүгүн арттыруу, тил каражаттарынын таасирдүүлүгүн өздөштүрүү максатын көздйт. Грамматикалык материалдар окутуу материалдарынын маанисин түшүнүүгө каражат катары колдонулат. Кыргыз адабиятын окутуу аркылуу окуучулардын сөз байлыгынын кенен болушуна, сүйлөө маданиятынын калыптанышына, ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнө шарт түзүлөт. Студенттер кыргыз адабиятын дүйнө таануу, адеп-ахлак, таалим-тарбия алуунун негизги каражаты катары кабыл алып, адабияттык билимди өздөштүрүп, өз турмушунда колдоно алуусуна жетишүү максаты коюлат. |
| Пререквизиттер | Студенттердин мурда алган билимдери, мектеп курсу |
| Постреквизиттер | Иштиктүү кыргыз тили, Кеп маданияты, Баарлашуу маданияты дисциплиналары. Кыргыз тилин өз алдынча кесиптик денгээлде (өндүрүштүк жана илимий ишмердүүлүгүндө) колдоно билүү. |
| **Курстун саясаты** | **Талаптар:**<br>1.Ар бир студент тапшырмаларды өз убагында аткарышы зарыл.<br>2.Адабий чыгармалар жана авторлор боюнча дептеринде кыскача маалымат конспектилеши талап кылынат.<br>3.Өз алдынча иштөө учурунда чыгармачылык менен мамиле кылуусу кубатталат.<br>4.Семестр ичинде сабакты себепсиз калтырбоосу, сабактарга кечикпей келүүсү, университеттин студенттеринин адеп-ахлак жүрүм-турумун сактоосу шарт.<br>**Алтын эрежелер**:<br>Уюлдук телефондорду өчүрүү; Сабакка активдүү катышуу;<br>Бири-биринин пикирин сыйлоо, сөзүн бузбоо жана кебин аягына чейин угуу<br>Топтордо иштөөдө убакытты туура пайдалануу<br>Бири-биринин аброюна шек келтирген сөздөрдү колдонбоо<br>**Баалоо:**<br>Ар бир семестрде эки модуль тапшырылат. Ар бир модуль 20 упайга чейин бааланат. Модулга чейин студенттин күнүмдүк өз алдынча ишинин жыйынтыгы бааланып эске алынат, ал 40 упайга чейин болот. 20 упайга чейин сынак |

| | |
|---|---|
| | тапшыруу учурунда бааланат. 40 упай топтосо, сынакка катышуу укугуна ээ болот. 50-69 упай - “3”, 70-84 упай -“4”, 85-100 упай – “5”. Эгерде студент сынакка чейинки топтогон упайларынын баасы менен макул болсо, сынак тапшыруудан бошотулат. |
| Күтүлгөн натыйжалар | Кырдаалга жараша сүйлөшүүгө үйрөнөт<br>Текстке фактологиялык жана концептуалдык суроолорду түзүү жөндөмү өсөт<br>Тилдик көнүгүүлөр аркылуу туура сүйлөө кебин жана жазуусун калыптандырат<br>Этномаданий лексикаларды өздөштүрөт<br>Адисттик лексикаларды өздөштүрөт<br>Чыгармаларды талдоо аркылуу көз карашы калыптанат.<br>Иш кагаздарынын түрлөрүн жазууга көнүгөт. |

**Пайдаланылган адабияттар**

**НЕГИЗГИ АДАБИЯТТАР**


1. Акунова А.Р., Намазбеков О, Өмүрова А.М. Азыркы кыргыз тили. Фонетика.- Бишкек, 2001.
2. Акунова А.Р., Раимбекова М. Азыркы кыргыз тили. Лексика.- Бишкек, 2005.
3. Осмонкулов А., Акунова А.Р. «Өнөр алды – кызыл тил» (ЖОЖдун студенттери үчүн түзүлгөн фразеологиялык минимумдун түшүндүрмө сөздүгү).- Бишкек, 2007.
4. Акунова А.Р., Чокошева Б.С., Эшимбекова Г. Азыркы кыргыз тили. Морфология. - Бишкек, 2008.
5. Акунова А.Р., Раимбекова М., Карамендеева Ч.Ж. Азыркы кыргыз тили. Синтаксис- Бишкек, 2009.
6. Акунова А.Р., Чокошева Б.С. Кыргыз тилинин практикалык курсу. (ЖОЖдун студенттери үчүн окуу куралы). -1-бөлүм.-Бишкек, 2010.
7. Акунова А.Р., Чокошева Б.С. Кыргыз тилинин практикалык курсу. (ЖОЖдун студенттери үчүн окуу куралы). -2-бөлүм.-Бишкек, 2010.
8. Ашырбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы –Б., 2001-ж.
9. Жалилов А. Азыркы кыргыз тили -Б.,1996-ж.
10. Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги –Б.,2010-ж.
11. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы –Б. 2002-ж.
12. Кыргыз орфографиясынын эрежелери. –Б., 2008-ж.
13. Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы, 3-том. Башкы ред. Асанов Ү. А. 2011
14. Мусаев С., Кеп маданияты. 2004-ж.
15. Мусаева В., Байланыштуу кепти, кептин стилдерин окутуу, 2009
16. Токтоналиев К. Кыргыз тили, -Б., 1996-ж.
17. Тургамбаева А.С., Усекова А.А. Кыргыз тили –Б., 2004ж.


**КОШУМЧА АДАБИЯТТАР**


1. А.Акматалиев Кыргыз адабиятынын тарыхы. 1-3т. –Б.,1999ж.
2. Абылкасымов Р., Атышов К., ж.б. Экономика.Энциклопедиялык окуу куралы.–Б.; 2003ж.
3. Акматалиев А. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. –Б, 2000ж
4. Асанканов А., Кыргыз тарыхы –Б., 2006ж.
5. Ашырбаев Т., Ахматов Т. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. –Б.,2005ж.
6. Жусупов К. Кыргыздардын байыркы маданияты. –Б., 2006ж.
7. Ибраев Э. “Тандалган чыгармалар” -Б, 1999ж.
8. Карасаев Х.К. Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. –Б., 2009ж.
9. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. –Б., 2002ж.
10. Кыргыз жергеси энциклопедиясы. –Ф., 1990ж.
11. Кыргыз көркөм адабиятынын сериясы 30-т. –Б., 2000ж.
12. Кыргыз Республикасынын экономикасы. Котор. Мамажанов А., Рахманкулов К. –Б., КТМУ, 2007ж.
13. Кыргыз энциклопедиясы – Б., 2000ж.


| | |
|---|---|
| Техникалык каражаттар | Компьютер, ноутбук, проектор |
| **СӨИ** | Кылым карыткан кыргыз маданияты<br>Мамлекеттүүлүктүн башатындагы инсандар.<br>И.Раззаков – коомдук, мамлекеттик ишмер жана алгачкы экономист.<br>2019-жыл - Аймактарды өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы<br>Адам жана анын асыл сапаттары<br>Адеп жана ыйман<br>Эне - үй-бүлө куту<br>Сүйүү – бул сулуулук<br>Дос кадыры<br>Спорт бул – ден соолук.<br>Ден соолук – жашоонун булагы.<br>Мен таза болсом, сен таза болсон коом таза болот.<br>Туризм өлкөнүн келечеги |

| | |
|---|---|
| | Ачык асман алдында тоолуу Кыргызстанга саякат.<br>Бишкек баатырдын тарыхы<br>Өнүгүүнүн башаты байланыш.<br>Кыргызстандагы касиеттүү жерлер<br>Өскөн жердин кооздугу.<br>Фирма жана ишкана<br>Маалыматтык коом, маалымат технологиясынын коомдогу орду.<br>XXI – кылымдын адистери<br>Ар бир кесип ардактуу<br>Мен тандаган кесиптин тарыхы жана өнүгүшү<br>Менин кесибимди аркалаган белгилүү инсандар<br>Менин кесибимдин коомдогу орду жана ролу<br>Жеткиликтүү жана коопсуз Интернет.<br>Жаныбарлар дүйнөсү.<br>Оозеки чыгармачылыктын тарыхы, анын түрлөргө бөлүнүшү.<br>Кыргызстандын башкаруу системасы.<br>Кыргызстанда менеджменттин өнүгүү өзгөчөлүктөрү жана көйгөйлөрү<br>Фирма жана ишкана.<br>Сулуулук дүйнөнү сактайт.<br>Элдик оозеки чыгармачылыктын тарыхы<br>“Манас”эпосу дүйнө теңдешсиз чыгарма<br>Атактуу манасчылар С.Орозбаков жана С.Каралаевдин өмүр чыгармачылык жолу.<br>“Замана” агымы жана анын өкүлдөрү<br>Ч.Айтматов – кыргыз көркөм адабиятынын шедеври<br>Айтматов жана кино<br>Кино чеберлери.<br>С.Чокморов кайталангыс талант.<br>Кылымдагы манкурттук.<br>XXI – кылымдын көйгөйлөрү.<br>Каржы жана анын мааниси.<br>Кыргызстандын эмгек рыногу.<br>Улуттук валюта<br>Кыргыз Республикасынын бюджет тутуму<br>Экономика илиминин өнүгүшү.<br>Азыркы мезгилдеги Кыргызстандын экономикасы.<br>Өлкөбүздөгү орто жана кичи ишканалар.<br>Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктары<br>КРнын улуттук жана экономикалык коопсуздугунун тышкы жана ички коркунучтары<br>Дүйнөлүк экономика.<br>Базар жана бизнес<br>Кыргызстандагы эркин соода<br>Жеке ишкерлик. |
| Кошумча түшүнүк | КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 27-ноябрындагы №1455/1 буйругунун негизинде Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик стандартына “Кыргыз тили жана адабияты” деп өзгөртүү киргизилгендигине байланыштуу силлабуска да өзгөртүүлөр киргизилди. |
| Окутуучунун аты, жөнү | **Каримова Бурулкан Абдырахмановна** |

**Түшүндүрмө кат**

***Курстун максаттары жана милдеттери:***

Кыргыз тили жана адабияты дисциплинасы студенттин сөз маданиятын өстүрөт, ыймандык жактан таза болушу үчүн таасир этет, айлана-чөйрөгө болгон эстетикалык табитин, дүйнөгө болгон ар тараптуу көз карашын калыптандырат, адам жана анын коомдогу орду жөнүндөгү көйгөйлөргө ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт, тарыхка болгон сезимин байытат, эске тутуусун жөнгө салат. Кыргыз элинин «Манасты» жараткан көркөм тил байлыктары айрым жаштар тарабынан бааланбай, активдүү колдонулбай жаткан шартта эне тилибиздин байлыгын, көркөм-эстетикалык тереңдигин студенттерге жеткирүү, коомдогу ыймандык кризистен алып чыгуу, адамдын ички дүйнөсүн тазалоо жаатында адеп-ахлактык, эстетикалык, таалим-тарбиялык, дүйнө таануучулук жана билим берүүчүлүк мүмкүнчүлүгү өтө кенен.

Кыргыз тили жана адабияты курсунун максаты**:** ар түрдүү баарлашуу кырдаалдарында өз оюн жеткиликтүү жана эркин билдирүү үчүн студенттердин коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруу болуп саналат.

Курстун милдеттери:

– студенттердин кыргыз тилинин лексика-грамматикалык каражаттарын орду менен туура колдонуу аркылуу өз оюн эркин, так, таамай жана таасирдүү сүйлөй жана жаза билүүсүнө жетишүү;

– тексттер менен иштөө (сүйлөө, угуу, жазуу, окуу) аркылуу студенттердин сөз байлыгын арттыруу;

– кыргыз адабий тили менен говор, диалектилердин айырмасын жана кыргыз адабий тилинин кызматын, колдонулушун түшүнүү;

– орфография жана орфоэпия нормаларын, принциптерин өздөштүрүү;

– сөздүн маанилерин, өз ара катыштарын, түзүлүшүн тереңдетип түшүнүү, татаал сөздөрдүн жазылышын билүү жана кебинде ырааттуу колдонуу;

– макал-ылакаптардын, жана фразеологизмдердин маанилеринин түшүндүрө билүү жана кебинде колдоно билүү;

– сүйлөмдөрдүн курулуштарын орун тартиби боюнча түзө билүү, тыныш белгилеринин коюлуш эрежелерин өздөштүрүү;

– кептин оозеки жана жазма стилдерине мүнөздүү болгон тил каражаттарын билүү менен тексттерди түзүүгө машыгуу;

– жазуу жумуштарын: жат жазуу, баяндама, дил баян, эссе, пикир ж.б. жазууга машыгуу, иш кагаздарын мамлекеттик тилде жазууга, конспект түзүүгө, реферат, баяндама, макала даярдоого көнүгүү;

– көркөм окууга машыгуу, оозеки жана жазма кебинде стилистикалык каталардан арылуу максатында көнүгүүлөрдү иштөө;

- сүйлөшүү, жазуу ишмердүүлүгү боюнча алган билгичтиктерин, көндүмдөрүн, баалуулуктарын турмуштук жагдайларда колдоно алууга көнүктүрүү;

- көркөм текстти түшүнүү менен окууга, окуганы боюнча өз баасын билдирүүгө жана өзүнүн текстин түзүүгө, кыргыз элинин сүйлөө маданиятын терең өздөштүрүүгө жетишүү, тил табиятына жана көркөм сөз өнөрүнө болгон кызыгуусун арттыруу;

- элдик каада-салт, үрп-адат, адеп-ахлагын, коомчулук алдындагы адамдык парзын адабий тексттерде көркөм берилиши аркылуу элдик рухий дүйнону таанытуу, улуттук аң сезимин өнүктүрүү, кругозорун кеңейтүү;

- билим алууга жоопкерчиликтүү, аң-сезимдүү мамиле жасаган социалдык жактан активдүү инсанды тарбиялоого багыт берүү болуп эсептелет.

**Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик стандартында бакалаврларды даярдоодо негизги билим берүү программасын өздөштүрүү жыйынтыктарына болгон талаптар:**

580 500 “Бизнес-информатика” даярдоо багытын бүтүрүүчү адис “бакалавр” академиялык даражасы ыйгарылуу менен бирге төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

**а) жалпы илимий (ЖК)**

**-** заманбап билим берүүчүлүк жана маалыматтык технологияны жогорку даражада өз алдынча колдонуу менен бирге жаңы билимди алуу жөндөмдүүлүгү (ЖК-3)

**б) инструменталдык (ИК):**

- мамлекеттик жана расмий тилдерде өзүнүн оюн жазуу жана оозеки түрдө логикалык жактан туура, аргиментүү жана так бере алуу жөндөмдүүлүгү (ИК-2);

- иштиктүү сүйлөшүү: эл алдына чыгып сүйлөө, сүйлөшүүлөрдү, жыйналыш өткөрүү, кызматтык кат алышуу, электрондук коммуникацияларды ишке ашыруу жөндөмдүүлүгү (ИК-4);

**в) социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК);**

**-** жарандык активдүүлүктү көрсөтүүгө жөндөмдүү (СИМК-3);

- кесиптештер менен жамааттык иштерге биригүүгө, анын ичинде сабактар аралык долбоорлор менен иштөөгө жөндөмдүү (СИЖМК-5);

**Өткөрүү жумасын, сабактардын темаларын көргөзүү менен сааттарды бөлүштүрүүнүн календардык-тематикалык мерчеми**
**2-курс, 3-семестр, 2019-2020- окуу жылы**

| № | **Мөөнөтү** | **Темалар: Кептик тема – КТ<br>Грамматикалык тема – ГТ** | **саа ты** | **Адабияттар** | **Текшерүү формасы** |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 02.09. 19-06.09.19 | **КТ:** Тарыхы болбой эл болбойт.<br>***ГТ:*** *Сөз айкашы*<br>**Ч.Айтматовдун аңгемелери: “Ак жаан”, “Түнкү сугат”** | 2 | Иманов А. Кыргыз тили. – Б., 1996<br>Ч.Айтматов. Чыг. 10 т. жыйнагы. Б., 6-т., 2018-ж. | Аңгемелешүү, суроо-жооп. |
| 2 | 09.09. 19–13.09.19 | **КТ:**Улуттук майрамдар.<br>**ГТ*:*** *Сөз айкашындагы байланышуу* | 2 | Иманов А. Кыргыз тили. – Б., 1996 | Баарлашуу, маектешүү, |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | *жолдору*<br>**Ч.Айтматовдун повесттери: “Жамийла”** | | Ч.Айтматов. Чыг. 10 т. жыйнагы. Б., 1-т., 2018-ж. | жазуу көнүгүүлөр |
| 3 | 16.09.19 - 20.09.19 | **КТ:** Комуз кыргыз элинин музыкалык аспабы.<br>**ГТ:** Сүйлөм мүчөлөрү: Ээ жана баяндооч<br>**“Делбирим” повести** | 2 | Иманов А. Кыргыз тили. – Б., 1996<br><br>Ч.Айтматов. Чыг. 10 т. жыйнагы. Б., 1-т., 2018-ж | Ролдоштурулган оюн |
| 4 | 23.09.19 – 27.09.19 | **КТ:** Мамлекеттүүлүктүн башатындагы инсандар. И.Раззаков – коомдук, мамлекеттик ишмер жана алгачкы экономист.<br>**ГТ:** Сүйлөмдүн айкындоочу мүчөлөрү. Аныктооч<br>**“Саманчынын жолу” повести** | 2 | Иманов А. Кыргыз тили. – Б., 1996<br><br>Ч.Айтматов. Чыг. 10 т. жыйнагы. Б., 1-т., 2018-ж. | Ой жүгүртүү; эл алдында сүйлөө кебин калыптандыруу |
| 5 | 30.09.19- 4.10.19 | **КТ:** Адам жана анын асыл сапаттары.<br>**ГТ:** Толуктооч<br>**“Бетме-бет” повести** | 2 | Иманов А. Кыргыз тили. – Б., 1996<br>Ч.Айтматов. Чыг. 10 т. жыйнагы. Б., 1-т., 2018-ж. | Маек, жазуу иштери |
| 6 | 07.10.19 – 11.10.19 | **КТ:** Эне – үй-бүлө куту<br>**ГТ:** Бышыктооч<br>**Ч.Айтматовдун романдары: “Кылым карытар бир күн”** | 2 | Иманов А. Кыргыз тили. – Б., 1996<br>Ч.Айтматов. Чыг. 10 т. жыйнагы. Б., 3-т., 2018-ж. | Ой жүгүртүү; эл алдында сүйлөө кебин калыптандыруу |
| 7 | 14.10.19 – 18.10.19 | **КТ:** Туризм өлкөнүн келечеги.<br>**ГТ:** Бышыктоочтун түрлөрү<br>**“Кыямат” романы** | 2 | Иманов А. Кыргыз тили. – Б., 1996<br>Ч.Айтматов. Чыг. 10 т. жыйнагы. Б., 4-т., 2018-ж. | маектешүү, эссе |
| 8 | 22.10.19 – 25.10.19 | **КТ:** Кыргызстандагы касиеттүү жерлер жөнүндө уламыштар.<br>**ГТ:** Татаал сүйлөм, түрлөрү. ТБТС.<br>**“Тоолор кулаганда” романы** | 2 | Иманов А. Кыргыз тили. – Б., 1996<br>Ч.Айтматов. Чыг. 10 т. жыйнагы. Б., 5-т., 2018-ж. | Ангемелешүү, жазуу иштери |
| 9 | 28.10. 19– 01.11.19 | **КТ:** «Китеп – билим булагы».<br>**Грамматикалык тема:** ББТС. Мезгил багыныңкы татаал сүйлөм<br>**Ч.Айтматовдун драмасы «Фудзиямадагы кадыр түн”** | 2 | Кыргыз тилинин синтаксиси. – Ф., 1978<br>Ч.Айтматов. Чыг. 10 т. жыйнагы. Б., 7-т., 2018-ж. | Көркөм окуу, суроо-жооп |
| 10 | 04.11. 19– 08.11.19 | **КТ:** Билим – кылым мурасы.<br>**ГТ:** Сан-өлчөм жана сыпат БТС<br>Тарыхый романдар**. Т.Касымбековдун өмүрү, чыг-гы.**<br>**“Сынган кылыч”романы** | 2 | Кыргыз тилинин синтаксиси. – Ф., 1978<br><br>Т.Касымбеков. Сынган кылыч. – Ф., 1986 | Сын-пикир, суроо-жооп, жазуу иштери |
| 11 | 11.11.19- 15.11.19 | **КТ:** Алай канышасы.<br>**ГТ:** Орун жана шарттуу ББТС<br>**С.Жусуевдин өмүрү, чыг-гы.**<br>**“Курманжан датка”романы** | 2 | Кыргыз тилинин синтаксиси. – Ф., 1978<br>**Курманжан датка:** Ыр менен жазылган роман. – Б.: Руханият, 1994. – 304 б. | Ой жүгүртүү; эл алдында сүйлөө кебин калыптандыруу |
| 12 | 18.11.19– 22.11.19 | **КТ:** Элдик тотемдер – бул жаратылышты урматтоо<br>**ГТ:** Себеп жана салыштырма ББТС<br>**К.Осмоналиевдин чыг-гы. . “Көчмөндөр кагылышы” романы** | 2 | Кыргыз тилинин синтаксиси. – Ф., 1978<br>ОсмоналиевК. “Көчмөндөр кагылышы” романы. – Ф., 1980. | Сын-пикир, суроо-жооп, оозеки жана жазуу түрүндө сүрөттөө |
| 13 | 25.11. 19– 29.11.19 | **КТ:** Тарыхый романдар боюнча талкуу<br>**ГТ:** Максат жана каршылагыч ББТС<br>**Ата-бейитке саякат** | 2 | Кыргыз тилинин синтаксиси. – Ф., 1978 | Аңгемелешүү, суроо-жооп. |
| 14 | 02.11.19- 06.12.19 | **КТ:** Кыргыз элинин конок күтүү салты<br>**ГТ:** Аралаш татаал сүйлөм<br>**Т.Үмөталиевдин чыг-гы.** | 2 | Кыргыз тилинин синтаксиси. – Ф., 1978<br>**Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы.** – Ф.: Кыргызстан, 1971. | Баарлашуу, маектешүү, жазуу көнүгүүлөр |
| 15 | 09.12.19- 13.12.19 | Жыйынтыктоо сабагы | 2 | | |

**Өткөрүү жумасын, сабактардын темаларын көргөзүү менен сааттарды бөлүштүрүүнүн календардык-тематикалык мерчеми**
**2-курс, 4-семестр**

| № | Мөөнөтү | Темалар: Кептик тема – КТ Грамматикалык тема – ГТ | саа ты | Адабият, электрондук булактар | Текшерүү түрү, электрондук булактар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 20.01.20-25.01.20 | КТ: Маалыматтык коом, маалымат технологиясы. ГТ: *Кеп маданияты. Кыргыз тилинин кеп байлыгы* С.Эралиевдин лирикалары | 2 | С.Мусаев, Кеп маданияты. 2004; https://www.youtube.com/watch?v=Bj5BoBtX4HU | Аңгемелешүү, суроо-жооп. https://www.youtube.com/watch?v=Kjl0kUUj1ig |
| 2 | 27.01.20-31.01.20 | КТ: 2019-жыл Аймактарды өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы ГТ: *Стиль жана стилистика* С.Эралиев "Ак Мөөр" поэмасы | 2 | В.Мусаева, Байланыштуу кепти, кептин стилдерин окутуу, 2009 https://www.youtube.com/watch?v=kCfr5u9YXko | Баарлашуу, маектешүү, жазуу көнүгүүлөр |
| 3 | 3.02.20-8.02.20 | КТ: Жеткиликтүү жана коопсуз Интернет. ГТ: *Оозеки жана жазуу стили* Н.Байтемировдин өмүрү, чыг-гы. , «Тарых эстелиги" романы | 2 | К.Артыкбаев. 20 к. кыргыз адаб. тарыхы.- Б., 2007 https://www.youtube.com/watch?v=SerN0XlxpQo | Презентациялар Баяндамалар Ролдоштурулган оюн аркылуу |
| 4 | 10.02.20-15.02.20 | КТ: Мен тандаган кесиптин тарыхы жана өнүгүшү ГТ: *Көркөм стиль. Көркөм стилге мүнөздүү белгилер* Ж.Садыковдун өмүрү жана чыг-гы. . | 2 | https://www.youtube.com/watch?v=XqsqvGCgP3s | Ой жүгүртүү; эл алдында сүйлөө кеби |
| 5 | 17.02.20-22.02.20 | КТ: Кыргызстандын экономикасы ГТ: *Баяндоо. Көргөн тасмага карата баяндоо мүнөзүндөгү эссе жазуу* "Манастын уулу Семетей" драмасы | 2 | youtube.com/watch?v=n3W2B25zlMg | Маек, жазуу иштери |
| 6 | 24.02.20-29.02.20 | КТ: Кыргыз Республикасынын бюджети. *Сүрөттөө.( Эркин )* Т.Абдумомунов өмүрү, чыг-гы. . | 2 | "Кыргызстан" улуттук энциклопед.3-том. Башкы ред. Асанов Ү. 2011. | Суроо-жооп https://www.youtube.com/watch?v=HUpT5Rjn2Rc |
| 7 | 2.03.20-7.03.20 | КТ: Улуттук валюта. ГТ: *Ой жүгүртүү. Дил баян жана эссе жазуунун жолдорун үйрөтүү* "Абийир кечирбейт" драмасы | 2 | Т.Абдумомунов «Абийир кечирбейт» драмасы. – Ф., 1986 | маектешүү , эссе |
| 8 | 9.03.20-14.03.20 | КТ: Кыргызстандын улуттук кызыкчылыктары *Иш кагаздары: Расмий иш кагаздары: Жарлык, Мыйзам* М.Байжиевдин өмүрү, чыг-гы. . | *2* | К.Артыкбаев. 20 к. кыргыз адабиятынын тарыхы.- Бишкек, 2007 | Ангемелеш үү , жазуу иштери |
| 9 | 16.03.20-21.03.20 | КТ: КРнын улуттук жана экономикалык коопсуздугунун тышкы жана ички коркунучтары *Расмий эмес иш кагаздары: Токтом* "Төрт адам" драмасы | 2 | М.Байжиев сахнада: Пьесалар. – Б.: 2006. – 542 б. | Көркөм окуу, суроо-жооп https://ruclip.com/video |
| 10 | 23.03.20-28.03.20 | КТ: Экономикадагы тобокелдик *Маалымат кат. Арыз. Тил кат. ишеним кат.* Т.Кожомбердиевдин өмүрү, чыг-гы. . "От өчпөгөн коломто" жыйнагы. «Эне жана от» | 2 | Т.Кожомбердиев От өчпөгөн коломто.: Б., 1992. – 384 б https://www.youtube.com/watch?v=EExSVODbGTc | Сын-пикир, суроо-жооп, жазуу иштери |
| 11 | 30.03.20-4.04.20 | КТ: Дүйнөлүк экономика *Өмүр баян. Мүнөздөмө. Буйрук* О.Султановдун өмүрү, чыг-гы. . Чарчоонун жүзүнчү ыры | 2 | Ашуу төр. Ырлар, поэмалар. – Б.: Бийиктик, 2003. | Суроо-жооп https://www.youtube.com/watch?v=F3C3-rXPoFg |
| 12 | 6.04.20-11.04.20 | КТ: Кыргыз элинин экономисттери. *Публицитикалык стиль: Репортаж. Интерью жөнүндө түшүнүк* Э. Ибраевдин өмүрү, чыг-гы. "Улут болсом – тилим менен улутмун" | 2 | Иш кагаздарын мамлекеттик расмий тилде жүргүзүү. Жапарова Б., Б., 2005 Эсенгулдун ырлары: Б.: | Сын-пикир, суроо-жооп, https://www.youtube.com/watch?v=zvx_jOvJqHQ |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 2003. – 396 б | |
| 13 | 13.04.20-18.04.20 | КТ: Рынок экономикасы. Ишкердик. *Илимий стиль жөнүндө түшүнүк.* Ш.Дүйшеевдин өмүрү, чыг-гы. . “Эне тилин унуткандар” | 2 | Ырлар. – Ф.: 1989. –72 б. https://www.youtube.com/watch?v=WKSHFsF7Lhw | Маектешүү, баяндоо https://www.youtube.com/watch?v=roFJId1m0tI |
| 14 | 20.04.20-25.04.20 | КТ: Менин ишканам. Бизнес-план түзүү *Орундуу жана орунсуз кайталоолор* “Кайдыгерлик” ыры | 2 | Кайдыгерлик: Ырлар. – Ф., 1991. – 80 б https://www.youtube.com/watch?v=hX4BSfTXdEo | Аңгемелешүү, жазуу иштери |
| 15 | 27.04.20-2.05.20 | Жыйынтыктоо сабагы | 2 | | Өз алдынча иштерин текшерүү |

**Студенттердин өз алдынча иштеринин графиги**

| № | Жума | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | Баллдын суммасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Айлары | | сентябрь | | | | октябрь | | | | | | Ноябрь, декабрь | | | | | |
| 2 | СӨИ тапшыруу мөөнөтү | | 02.09.19-30.09.19 | | | | 01.10.19.-.31.10.19. | | | | | | 01.11.19.-30.11.19<br>02.12.19. – 27.12.19 | | | | | 40 балл |

**Студенттердин өз алдынча иштеринин графиги**

| № | Жума | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | Баллдын суммасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Айлары | | Январь-февраль | | | | март | | | | | | Апрель, май | | | | | |
| 2 | СӨИ тапшыруу мөөнөтү | | 20.01.20-31.01.20<br>3.02.20 -29.02.20 | | | | 02.03.20 – 31.03.20 | | | | | | 01.04.20.-30.04.20<br>01.05.20. – 04.05.20 | | | | | 40 балл |

www.keu.edu.kg

*СӨИ – студенттин өз алдынча иши.

*Эскертүү:* Аралык жана жыйынтык көзөмөлдөрдү өткөрүү ишырааты окуу бөлүмү тарабынан аныкталат.